# Иш жүргөн жерде сынчы көп



Чукулда Улуттук банктын төрайымы Зина Асанкожоева өз арызы менен кызматтан кетүүнү чечип, анын өтүнүчүн Жогорку Кеңеш канаттандырып, кызматтан бошотту. Бирок, Кыргызстанда мындай жогорку кызматты өз каалоосу менен таштап кеткен чанда кезигүүдө. Анын үстүнө аял жетекчинин валюта рыногу туруктaшып, кыйын кырдаал өткөн соң кызматтан тынч кетүүсү кызмат талашкан айрым аткаминерлерге үлгү болчудай.

Зина Асанкожоева Улуттук банкта адегенде төраганын орун басары болуп, андан кийин Улуттук банктын башчысы болуп үч жылдан ашык иштеди. Ал жетектеген мезгилде Улуттук банкта кардиналдуу реформалар башталган. Акча-кредит саясатынын негизи биринчи жолу өзгөрүлдү (акча агрегаттарын таргеттештирүүдөн пайыз ставкаларын таргеттештирүүгө өтүп), жаңы инструменттер киргизилди (кайра каржылоо кредити, «овернайт» депозити ж.б.), банк ишмердиги, микрофинансы, төлөө системалары боюнча бир катар мыйзам долбоорлору иштелип чыкты.

Микрофинансы чөйрөсүндөгү жаңы мыйзамдар микрофинансы уюмдарынын ишин көзөмөлдөөнү жана тескөөнү өркүндөттү, пайыз ставкаларын төмөндөтүү боюнча иштерди баштаганга мүмкүндүк берди, ошол эле мезгилде микрофинансы уюмдарынын операцияларынын спектрин кеңейтти жана финансы кызматын пайдалангандардын укуктарын кыйла жогорку деңгээлде коргоого шарт түздү. Мисалга кредит алгандар келишимди аткара албай калганда айыптардын өлчөмү боюнча чектөөлөр киргизилди, кредиттин толук наркын ачып көрсөтүү боюнча талаптар бекитилди ж.б.

Улуттук банк калктын финансы сабатын жогорулатуунун улуттук программасын иштеп чыгуу демилгесин көтөрдү. Улуттук Банктын өзүндө экономикалык жана финансылык системалардын актуалдуу маселелери боюнча илимий изилдөө иштери башталып, экономикалык изилдөөлөр борбору түзүлгөн. Улуттук банк көз каранды эмес эксперттерди өлкөдөгү экономикалык кырдаалды талкуулоого тартып жана алардын сунуштарын мындан аркы акча-кредит саясатынын багыттарын тандап алууда пайдалана баштады.

Улуттук валютаны киргизүүнүн 20 жылдыгына арналган жогорку деңгээлдеги Эл аралык конференция өткөрүлүп, анда Борбордук Азия жана Кавказ өлкөлөрү кантип өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарынан чыгышты, бул тажрыйбадан кандай сабак алыш керек, бул өлкөлөрдүн алдында кандай милдеттер жана приоритеттер турганы жөнүндө талкуу болду. Конференциянын ишине 17 өлкөнүн жана 11 эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты. Бул конференциянын натыйжалары эл аралык коомчулукта жогорку баага ээ болду.

Ошону менен бирге З.Асанкожоеванын демилгеси менен Улуттук банк ички рынокто алтын сатып алууну кайра улантты жана эл аралык резервдеги алтындын үлүшүн 8,6 пайызга чейин көбөйттү. Азыркы убакта алтындын көлөмү 3,69 тоннаны түзөт. 2011-жылга чейин Улуттук банктын балансында турган алтындын көлөмү 1997-жылдан бери өзгөргөн эмес жана 2,58 тоннага жакын болгон.

Алтын-валюта резерви доллар эквивалентинде 2 миллиарддан ашты. Тобокелдикти диверсификациялоо максатында банктын активине Кытай юаны, Сингапур доллары, Норвегиянын жана Швециянын крондору киргизилди. Кыргызстандын эл аралык резервинин валюта портфелинде азыр 12 валюта бар. АКШ долларынын, Россия рублинин жана Казакстан теңгесинин расмий курстары күн сайын аныктала баштады. Бул болсо валюта рыногундагы кырдаалды өз убагында жана реалдуу көрсөтүүгө, чарба субъекттеринин чет элдик валютадагы эсептешүү мамилелерин жакшыртууга шарт түзөт.

Төлөө системасынын коопсуздугу жана туруктуулугун камсыз кылуу максатында «Төлөө системасы жөнүндө» мыйзам иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилип, үч окууда кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Банк кодексинин - коду аныкталган нормативдүү укук актынын долбоору даярдалып жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилди.Банк кодексин кабыл алуу бир эле мыйзамды ар түрдүү түшүнүүнү, коллизияны жана карама-каршылыктарды жоюу максатында банк боюнча мыйзамдардын структурасын ирээтке, системага келтирүүгө, банк боюнча укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктук статусун тактоого шарт түзөт.

Зина Асанкожоеванын кызматтан кетишинин себебине кызыккандар көп. Жогоруда айтылгандар анын отставкасына кесиптик ишмердүүлүгү негиз болгондугун ачык далилдеп турат.

**(Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын сайтындагы материалдардан даярдалды).**